*Кемин районуна караштуу Т. Абдымомунов атындагы Жаны-Алыш орто мектеби*

# Үч орундуу жана төрт орундуу сндарды кошуу жана кемитүү

(Бышыктоо сабагы

Математика

3-класс

*Мугалим: Сокубашева Асель*

Сабактын темасы: *Үч орундуу жана төрт орундуу сандарды кошуу жана кемитүү.(Бышыктоо сабагы)*

*Сабагыбыздын максаты:*

- *Үч жана төрт орундуу сандарды кошуу жана кемитүү боюнча билимдерибизди, көндүмдөрүбүздү калыптандырабыз.*
- *Мамыча түрүндө аткарууда эрежелерди кайталайбыз*
- *Топтордо жуптарда иштей алабыз*
- *Тактыкка жана тырышчаактыкка тарбияланабыз.*

*-Сабагыбыздын максатына кантип жетебиз балдар?*

*Сабактын көрсөткүчтөрү:*

*Эгерде окуучулар:*

*-Тапшырмаларды аткара алсак;*

*-Алтын эрежени сактасак;*

*Бири-бирибизге жардам берсек*

*алышса сабак максатына жетет.*

*Сабактын тиби: Бышыктоо*

*Сабактын жабдылышы:*

*Көрсөтмөлүү карточкалар, таблица, көрсөтмөлүү сүрөттөр, скотч, маркерлер, ватман, мөмө дарагы, проектор*

*Сабактын тиби: Жаны билимдерди өздөштүрүү.*

*Сабакта колдонулган методдор:*

*Блумдун таксаномиясы,жуптарда иштөө, биргелешип иштөө, топтордо иштөө; өз алдынча иштөө*

*Сабак аралык байланыш: кыргыз тили, сүрөт, музыка.*

*Сабактын жүрүшү:*

*Саламатсынарбы балдар!*

*Бүгүн бизде математика сабагы. Маанайынар кандай*

*(Слайд көрсөтүлөт. Окуучулар маанайларын смайлик-күн аркылуу билдиришет).*

*Сабагыбызда алтын эрежени сүрөттөр акылуу түзүп алалы.*

- *Бүгүнкү сабакта биздин кулактарыбыз менен .......................(угабыз)*
- *Көздөрүбү менен..........(көрөбүз)*
- *Колдоубуз менен ...........................(жазабыз)*
- *Кол көтөрүп..........(сүйлөйбүз)*
- *Азаматсынар балдар.*

*-Балдар бүгүн биз сабагыбызда саякатка барабыз.*

*-Кайда барабыз? (слайд көрсөтүлөт)*

*-Ал үчүн төмөнкү слайдка көнүл бурабыз.*

*-Саякатка кайда барат экенбиз?*

*-Сулайман тоосуна (окуучулар жооп берет)*

*-Туура айтасынар.*

*-Саякатка эмне үчүн барабыз?*

*-Төмөнкү тапшырманы жуптарда аткара алсак сабагыбыздын темасы аныкталат.*

*(Окуучулар доскадагы тапшырманы жуптарда аткарышат келип чыккан жообун карточканын арткы бетинен таап доскага жабыштырышат)*

*-Бүгүнкү темабыз ды окуйбуз балдар:*

*Үч орундуу жана төрт орундуу сандарды кошуу жана кемитүү.(Бышыктоо сабагы)*

*-Саякат жолунда кандай максаттарды коебуз балдар?*
*Окуучулар ойлорун айтышат:*
*-Эсеп чыгарабыз.*
*-маселе иштейбиз.*
*-Кошуу кемитүү амалдарын аткарабыз.*
*-Азаматсынар балдар!*
*Сабагыбыздын максаты:*

- *Үч жана төрт орундуу сандарды кошуу жана кемитүү боюнча билимдерибизди, көндүмдөрүбүздү калыптандырабыз.*
- *Мамыча түрүндө аткарууга эрежелерди кайталайбыз*
- *Топтордо жуптарда иштей алабыз*
- *Тактыкка жана тырышчаактыкка тарбияланабыз.*

*-Сабагыбыздын максатына кантип жетебиз балдар?*
*Сабактын көрсөткүчтөрү:*
*Окуучулардын жооптору:*
*-Тапшырмаларды аткара алсак;*
*-Алтын эрежени сактасак;*
*Бири-бирибизге жардам берсек*
*-Балдар саякат жолунда бизди көптөгөн тапшырмалар күтүп турат , аларды туура так аткара алмсак сабагыбыздын максатына жетебиз.*
*Саякатка даярсынарбы?*
*Ооба.*
*Балдар жол узак. Саякатка маршрутка менен барабыз. (Мугалим марштурка сүрөтүн доскага чаптайт).*
*Саякат жолунда тапшырмаларды аткарууда билиминер «Өзүн-өзү» балоо баракчалары менен бааланат . Ар биринерде гүлүн тегереги берилген силер жооп берген сайын гүлдүн желесин чаптап турасынар.*
*-Саякат жолунда балдар биз «Төө ашууда» бара жатасыз.слайд «төө ашуу» көрсөтүлүп, мугалим сүйлөйт:*
*-Балдар карагылачы «Төө ашуудагы» жолдордун ийри, узун, кооптуу экен.Жупташып, «Төө ашуудан» чынжырчалар менен тез убакытта өтүп кетели*
*Макулсунарбы*
*-Ооба (окуучулар хор жооп беришет)*
*-«Мээге чабуул» жасайбыз. Ар бирине доскадан карточкаларды окуп, разряддарын аташат.*
*-Тапшырмалардын аткарылышын бүгүн жолдо жүрүү эрежелери менен текшеребиз (туура жоопко-жашыл, туура эмес жоопко-кызыл светофор белгилерин көтөрөбүз).*
*1-окуучу ......... 10 окуучу тапшырмаларды аткарып доскадагы «Төө ашуу» сүрөтүнүн карточканы алып жооп берет. Жооптун туурасын окуучулар светафор менен билдиришет*
*(Окуучулар өзүн баалашат. Гөлгө желе жабыштырышат) .*
*-Азаматсынар балдар!*
*«Төө ашуунун» чокусундагы карларга көз чаптырып эс алып жолубузду улайлы. (Слайд көрсөтүлөт, мугалим сүйлөйт).*

*-Балдар Ош шаарына келип жеттик. Шаарга кирүү үчүн биргелешип иштөө менен тапырмалар ды аткарабыз.*
*-Үч орундуу жана төрт орундуу сандарды жуптарда салыштырабыз.*
*-Жуптарда биригип бир чечимге келип кол кармашып бирге салыштыруу белгини көтөрүшөт*
*(Жоопторун слайддан карап өздөрүн баалап гүлгө желе жабыштырышат)*
*-Азаматсынар балдар. Тапшырмаларды туура так аткара алдык. Алдыда «Сулайман тоосу» көрүнөт.(Слайдды көрүшөт)*
*-Сулайман тоосуна топторго бөлүнүп тепкичтер аркылуу чыгабыз.*
*Ар бир тепкичке көтөрүлүү үчүн тапшырмаларды аткарабыз.*
*1-топ «Кошуу тобу», 2-топ «кемитүү тобу» болосунар.*
*1-тепкичте: «Кошуу тобу» үч оундуу жана төрт орундуу сандарды кошуу амалын аткарышат.*
*1-тепкичте : «Кемитүү тобуу» үч орунду сандарды кемитүү амалын аткарышат.*
*2-тепкичте: «Кошуу тобу» маселе чыгарышат.*
*2-тепкичте: «Кемитүү тобуу» Маселе чыгарышат*
*Топтордун иши «Өзүн-өщү балоо» баракчары менен бааланат.*
*-Азаматсынар балдар «Сулайман төөсундагы» музейге кирип улуттук буюмдар менен таанышып чыгабыз.(слайд көрсөтүлөт)*
*-Ар бир улуттук буюмдардан куралган тест тапшырмаларын аткарабыз.*
*Слайд аркылуу тест тапшырмаларына жооп беришет*

*Азаматсынар балдар сапарыбыз аяктап кеч да кирди карагылачы Сулайман тоосу кечкисин кандай жарык болуп жаркырап турат экен*
*биз тапшырмаларды туура аткарга алдыкбы*
*Биз да Сулайман тоосун жаркыратып коелу*

*Балдар бүгүнкү саякат сабагыбыз жактыбы*
*-Жакты кошуу амалын аткардык*
*-жакты кемитүү амалын аткардык*
*-музейге кирип буюдарды көрдүк*

*Блумдун таксаномиясы менен жыйынтыктасак*

1. *үч орундуу жана төрт орундуу сандарды кошуу жана кемитүү нүн эрежелерин билебиз эстеп калдык*
2. *Кошуу жана амалдарын аткара алабыз*
3. *Үч орундуу жана төрт орундуу сандар кошуушу жана кемитүүнү турмуштук мисалдарда колдошо алабыз*
4. *Кыргызстандын ыйык жерин тааныдык*
5. *Өзүнөрдү баалаган баракчаларынарды көтөргүлө. Баардык тапшырмаларды туура аткардынар*
6. *Азаматсынар (балдар гүлдөрүн көтөрүшөт)*
7. *Бул гүл силерге гүлдесте катары белек кылам . Билиминер Сулайман тоосундай бийик боушуна тилектешмин*
8. *Чон рахмат*